**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М. РЫСКУЛБЕКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Диссертациялык кеңеш Д 08.17.543

Кол жазма укугунда
УДК 33:336. 467:338(575.2)

**Эсенгелдиева Дарыйка Манасбековна**

# Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүүсүндөгү инвестициялык түпкү максатын калыптандыруу жана ишке ашыруу

Адистиги: 08.00.05 – экономика жана эл чарбачылыгын башкаруу (экономика, ишканаларды, тармактарды, топтомдорду уюштуруу жана башкаруу)

Экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек 2017

Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин “Экономика” кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Жумабаев Жамалгазы Жумабаевич**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору, доцент
**Жапаров Акылбек Усенбекович**

экономика илимдеринин кандидаты, доцент
**Сомов Евгений Николаевич**

**Жетектөөчү уюм:** Н.Исанов ат. Кыргыз Мамлекеттик Курулуш,Транспорт жана Архитектура Университети «Менеджмент» кафедрасы
Дареги: 720020, Бишкек ш.,
Малдыбаев көч., 34Б,

Диссертация М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономика университетинин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын алдындагы экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алууга диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.17.543 диссертациялык Кеңешинин отурумунда 2017-жылдын 26-майда корголот. Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү, 58.

Диссертация менен М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономика университетинин китепканасынын илимий залында таанышууга болот. Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү, 58.

Автореферат 2017-жылдын 20-апрелинде таркатылды.

Д 08.17.543 диссертациялык кеңешинин окумуштуу катчысы, экономика илимдеринин кандидаты, доцент: Байтерекова Г.С

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндө дүйнөдө капиталдын жана башка чектелген ресурстардын кыймылы салыштырмалуу эркин жүрүп жатат. Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн багыты жана темпи глобалдаштыруу шарттарында обочолонгон түрдө курула албайт. Мындай шарттарда ал эл аралык укуктун жана эл аралык каржылык институттардын тиешелүү талаптарына жана стандарттарына да багыт алуусу керек. Кыргызстанда бизнес-чөйрө жана инвестициялык климат бир канча жакшырды. Дүйнөлүк рейтингде бул көрсөткүчтөр боюнча республикабыз Борбордук Азияда алдыңкы орунда турат.

Бирок бүтүндөй Кыргызстандагы жана анын көпчүлүк аймактарындагы инвестициялык абал ата-мекендик инвесторлор үчүн жана чет өлкөлүк инвесторлор үчүн дагы жагымсыз бойдон калууда. Инвестициялык апаат ички дүң продуктудагы (ИДП) топтомдордун үлүшүнүн кыскаруусунда, өнөр жайынын жана айыл чарбасынын өндүрүштүк потенциалынын төмөндөөсүндө, негизги каражаттардын жаңылануусу жок физикалык жешилүүнүн натыйжасында катардан чыгуусунун деңгээлинин чектен ашып кетүүсүндө көрүнө баштады.

Экономиканын турукташуусу жана андан аркы өнүгүүсү инвестициялык чөйрөдөгү абалды өтө олуттуу түрдө өнүктүрмөйүнчө жана чарбалык субъекттердин инвестициялык жигердүүлүгүн жогорулатуу үчүн жагымдуу шарттарды түзмөйүнчө мүмкүн болбойт. Бул жараянда негизги роль салмакталган инвестициялык түпкү максатты жүргүзүү аркылуу инвестицияларды мамлекеттик тескөөгө таандык.

Чарба жүргүзүүнүн рыноктук шарттары чарбалык субъекттерди аныксыздыктын жана жогорку тобокелчиликтин тутумундагы ишмердүүлүк чөйрөсүнүн айкындуу болуу фактысына такады. Инвестициялык ишмердүүлүктү квалификациялуу жүргүзүү чарбалык субъекттерден инвестициялык түпкү максатты туура аныктоону талап кылат.

Азыркы учурда биздин өлкөнүн келечеги ар тараптан негиздүү инвестициялык түпкү максатты иштеп чыгуудан көз каранды. Келечекте инвестициялык жараяндардын өзүнүн ролу ченемсиз өсөт жана бул жагдай көп өлчөмдө экономикалык өсүүнүн кубаттуу тездетүүчүсү жана коомдогу прогресстин аныктагыч шарты болуп калууда.

Инвестициялык түпкү максаттын республикадагы калыптанып калган экономикалык абалды жана анын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен жетишээрлик деңгээлде иштелип чыкпагандыгы изилдөөнүн темасынын тандалышына түрткү болду.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Изилдөөнүн темасы “Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдар аралыгында өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясын” (8.3-бөлүм, Инвестициялык саясат) иштеп чыгуу менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты – мамлекеттик инвестициялык түпкү максатты теориялык негиздөө жана анын негизинде агрардык сектор менен байланышкан өнөр жай ишканаларындагы аны тескөөнүн ыктоолорун иштеп чыгуу.

Диссертациялык иштин коюлган максаты төмөнкү маселелерди чечүүнү шарттады:

- инвестициялардын экономикалык мазмунун изилдөө, экономиканы жаңылоону жүргүзүүдө инвестициялык ишмердүүлүктүн ролун ачып көрсөтүү;
- заманбап экономикада инвестициялык түпкү максатты изилдөөгө теоретикалык мамилелерди изилдөө жана анын калыптанышы менен тескелишинде мамлекеттин милдеттерин аныктоо;
- республикада инвестициялык ишмердүүлүктүн өнүгүү тенденцияларын аныктоо;
- пайдалануунун бардык багыттары жана келип түшүү булактары боюнча инвестициялардын чоңдугун мүнөздөө;
- инвестициялык түпкү максаттын артыкчылыктарын жана аны ишке ашыруунун ыктоолорун аныктоо;
- инвестициялык ишмердүүлүктү жакшыртуунун негизги багыттарын аны экономиканын “уюлдук” тармактарында жүргүзүүнү тездетүү боюнча калыптандырылган сунуштардын базасында иштеп чыгуу;
- келечекте калктын ар бир адамына туура келүүчү инвестициялардын деңгээлин жана ИДПны божомолдоо.

**Жүргүзүлгөн изилдөөнүн илимий жаңылыгы** заманбап шарттарда мамлекеттик инвестициялык түпкү максатты калыптандыруунун жана жүзөгө ашыруунун илимий-теоретикалык жоболорун негиздөөдө турат.

Изилдөөнүн жараянында төмөнкүдөй негизги илимий натыйжалар алынды:

- теориялык жоболор жалпыланды жана тутумдаштырылды, инвестициялардын экономикалык мазмуну такталды;
- калктын жан башына болгон ИДП көрсөткүчү менен инвестициялардын экономикага өз ара байланыштагы өсүүсүнүн динамикасы көрсөтүлдү;
- экономиканын агрардык сектору менен байланышкан ишканалар үчүн инвестициялык түпкү максатты жүзөгө ашыруунун ыктоолору сунушталды;
- айыл чарбасы менен байланышкан өнөр жай ишканаларындагы инвестицияларды мамлекеттик тескөөнү өркүндөтүү боюнча чаралар негизделген;
- өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүнүн инвестициялык түпкү максатынын негизги артыкчылыктары негизделген;

Диссертациялык иштин **практикалык маанилүүлүгү** инвестициялардын жетишсиздик шартында мамлекеттик инвестициялык түпкү максатты өркүндөтүүгө жана экономиканын “уюлдук” тармактарында аны натыйжалуу жүзөгө ашырууга багытталган, иштелип чыккан жоболорду жана сунуштарды пайдалануу мүмкүнчүлүгүндө турат.

Негизделген инвестициялык түпкү максаттарды калыптандыруу боюнча сунуштар мамлекеттик органдар жана башка кызыкдар тараптар тарабынан

уюмдун, тармактын, чөйрөнүн жана бүтүндөй республиканын өнүгүү программаларын иштеп чыгууда пайдаланылышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги диссертациянын материалдарын өлкөнүн экономикасынын агроөнөр жай секторунун өнүгүүсүнүн келечегин жана потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берген программаларды (долбоорлорду) иштеп чыгууда колдонот.

Ошондой эле "Алтын тамыр" ЖАК жайында өндүрүштү модернизациялоо үчүн инвестициялык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн биз сунуштаган ыктоолору колдонулат.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү.** Инвестициялык түпкү максатты ишке ашыруунун сунушталган ыктоолору өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүндөгү инвестицияларды колдонуунун натыйжалуулугун камсыздоого мүмкүндүк берет.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

- «инвестиция» категориясынын теоретикалык жоболору тутумдаштырылган жана анын экономикалык маңызы жаңы экономикалык, социалдык, экологиялык жана илимий жыйынтыктарды алуу максатында адамдык капиталды жумшалган каражат катары такталган;
- айыл чарбасы менен байланышкан ишканалар үчүн инвестициялык түпкү максатты жүзөгө ашыруунун ыктоолору негизделген;
- экономикадагы инвестициялардын өсүшүнүн ички булактары негизделген;
- инвестициянын көлөмүн көбөйтүүнүн мультипликативдүү натыйжасы аныкталган, «Алтын тамыр» ЖАКтын мисалында экономикалык натыйжалуулугу эсептелинген;
- инвестициялык түпкү максатты калыптандырууда инвестициялардын ички булактарын мамлекеттик тескөө боюнча практикалык сунуштар сунушталган.

**Изденүүчүнүн өздүк салымы** экономиканы жана анын тармактарын инвестициялык өнүктүрүү көйгөйлөрүн чечүүнүн теориялык жана илимий-практикалык негизделүүсүндө камтылган. Изилдөөнүн жүрүшүндө, автор тарабынан илимий, фактылык, статистикалык маалыматтарды, башка материалдарды окуп-үйрөнүүнүн негизинде аталган тематика боюнча аналитикалык жана жалпылоочу иштелмелер жүргүзүлдү. Диссертациянын сунуштары өлкөнүн экономикасынын "уюлдук" тармактарындагы инвестициялык ишмердүүлүктү тескөө боюнча практикалык чараларды иштеп чыгуу үчүн кызмат кылат.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары илимий отчеттор түрүндө берилип, "Кыргызстан Евразия экономикалык интеграциясынын жолунда" (КЭУ, 30-октябрь, 2014-ж.) конференциясында, "Илимий дискуссия, заманбап дүйнөдөгү инновациялар" аттуу XLVI эл аралык илимий-практикалык конференциясында (февраль, 2016-ж.) баяндалды.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын темасы боюнча Кыргыз Республикасынын, Казак Республикасынын жана Россия Федерациясынын журналдарында жалпы көлөмү 3,2 басма табак болгон 10 илимий иштер басылып чыгарылды. Булардын ичинен 3 макала РИНЦ индексациялоонун тутумуна кирген чет мамлекеттик басылмаларда, 1 макала Кыргыз Республикасынын РИНЦ индексациялоо тутумуна кирген басылмада, 3 макала КР ЖАК тарабынан сунушталган басылмаларда, 3 макала кошумча басылмаларда жарык көрдү.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын библиографиялык тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү 179 бет, өз ичине 36 таблицаны, 5 сүрөттү камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаты жана милдеттери баяндалды. Илимий жаңылыгы аныкталып, алынган натыйжалар, иштин практикалык жана экономикалык маанилүүлүгү, коргоого алынып чыгылган негизги жоболору ачылып көрсөтүлдү.

**“Инвестициялык түпкү максатты калыптандыруунун илимий - теоретикалык негиздери”** деп аталган биринчи бапта инвестициялык жараяндардын өнүгүүсүнүн эволюциялык этаптары каралды, чет өлкөлүк жана ата-мекендик окумуштуулар тарабынан сунушталган түшүнүктөрдү окуп-үйрөнүү жолу менен “стратегия (түпкү максат)” жана “инвестициялар” түшүнүктөрүнүн аныктамалары такталды.

Батыш окумуштуулары инвестиция деп капиталдын сакталуусун же баасынын өсүүсүн жана (же) кирешенин оң маанилүү чоңдугуна жетишүүнү камсыз кылуучу капиталды жайгаштыруу жолун түшүнүшөт.

Каржы адистери инвестицияны инвестордун жетиштүүлүгүн жогорулатуу максатында активдерге каражаттарды узак мөөнөткө салуу катары карашат.

Чет өлкөлүк жана ата-мекендик окумуштуулардын теориялык жоболорун жалпылоодо биз инвестициялар биринчи кезекте чыгымдардын максаты менен байланышкандыгын негиз кылып алдык. Мисалы, Германиянын өкмөтү Ыссык-Көлдүн биосфералык аймагын коргоо боюнча долбоорду инвестициялады. Инвестициялык чыгымдар биосфералык аймактын келечектеги корголуусу жана сакталуусу максатынан келип чыгат. Инвестор башка максатты көздөбөйт. Бул инвестициялык долбоордон республика экономикалык гана эмес, көбүрөөк даражада экологиялык пайда табат.

Коомдук түзүмдү радикалдуу реформалоо мезгилинде өлкөнүн өндүрүштүк жана социалдык потенциалы бир далай жабыркады, мунун натыйжасында экономиканын бардык тармактарында өндүрүштүн натыйжалуулугунун төмөндөөсү, жакырчылыктын жана жумушсуздуктун деңгээлинин көтөрүлүүсү болуп өттү. Азыркы шарттарда экономиканын

бардык тармактары жана чөйрөлөрү өндүрүштү жаңылоого жана жакшыртууга, ал эми курчап турган чөйрө коргоо муктаж болуп турушат. Бул маселелерди ишке ашыруу түздөн-түз инвестициялар менен байланышкан. Теориялык ыктоолорду окуп-үйрөнүүнүн негизинде биз экономика чөйрөсүнө карата “инвестиция” терминининин кеңири түшүнүгү иштеп чыктык. Ага ылайык инвестициялар – бул каражаттарды (адам каражатын кошо) уюмдар, тармактар, чөйрөлөр жана бүтүндөй өлкөнүн экономикасы үчүн пайдалуу болгон жаңы экономикалык, социалдык, экологиялык жана илимий натыйжаларды алуу максатында капиталга салуу. Чарба жүргүзүүнүн жаңы уюштуруучулук-укуктук формаларынын пайда болуусу, ишкердикке эркиндиктин жана өздүк каржылык ресурстарын пайдаланууда өз алдынчалуулуктун берилүүсү, ошондой эле чет өлкөлүк инвесторлордун капиталын тартуу инвестициялык ишмердүүлүктү ишке ашырууда түп-тамырынан бери болуучу өзгөртүүлөрдү талап кылат.

Инвестициялоонун түпкү максаты инвестициялык ишмердүүлүктүн миссиясынан (максатынан) жана ишке ашыруусунан келип чыгат. Өз кезегинде ишке ашыруу бир тараптан салымдардын предметин жана булактарын аныктоону шарттаса, экинчи тараптан салым салуу объекттерин жана алынуучу пайданы шарттайт (1-сүрөт).




1-сүрөт. Инвестициялык ишмердүүлүктүн схемасы

Булагы: Автор тарабынан иштелип чыгылды.

Инвестицияларды мамлекеттик тескөө менен байланышкан маселелер дайыма экономист окумуштуулардын көңүлүнүн борборунда болуп келген. Инвестициялык түпкү максат белгиленген натыйжаларга жетүү максатында акчалай, буюмдук жана интеллектуалдык баалуулуктарды максаттуу пайдалануу боюнча инвестициялык долбоорлорду натыйжалуу ишке ашыруунун негизги рычагы болуп саналат.

“Стратегия (түпкү максат)” гректин “strategic” сөзүнөн келип чыккан, бул “аскердик жетекчилик” дегенди түшүндүрөт жана байыркы гректин “stratos” – аскер жана “ago” – жетектейм дегенди түшүндүрөт, б.а. согуш жөнүндө илимге арналган. Кийинчерээк бул термин адамдын ишмердүүлүгүнүн бардык

чөйрөсүндө узак мөөнөттү өз ичине камтыган татаал максатка жетүү жолу катары кеңири пайдаланыла баштады.

Негизги максатка түздөн-түз жетишүү үчүн накталай ресурстар жетишсиз болуп калганда түпкү максат экономикада зарыл болуп калат. Түпкү максаттын милдети – негизги максатка жетүү үчүн накталай ресурстарды натыйжалуу пайдалануу. Түпкү максат негизги максатка “ресурстар-максат” огу боюнча маселелерди чечүү аркылуу жетишет. Түпкү максат башкаруу жөнүндөгү экономикалык илимдин негизги түшүнүктөрүнүн бири болуп саналат.

Түпкү максаттуу башкаруу биринчи кезекте бар болгон ресурстарды эсепке алуу менен белгиленген максатка жетүүгө багытталган натыйжалуу түпкү максаттуу чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууну көздө тутат.

Буга байланыштуу инвестициялык ишмердүүлүк өнөр жай продукцияларынын көлөмүн кеңейтүүгө, б.а. биринчи кезекте кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр жайында, андан кийин сырьё жана айыл чарба продукциясын өндүрүү чөйрөсүндө кеңейтилген өндүрүштү камсыз кылууга багытталган болуусу керек.

Инвестициялык түпкү максатты ийгиликтүү ишке ашыруу персоналга жана өндүрүш жараянынын сапатын жакшыртууга түздөн-түз таасир берүүчү өндүрүштүн техникалык-уюштуруучулук деңгээлин өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет. Мунун натыйжасында товарларды сатуу жана жаңы клиенттерди тартуу, ошондой эле фирмалардын каржылык абалын бекемдөө үчүн жагымдуу шарттар түзүлөт.

Азыркы этапта экономикалык өнүгүүгө жана экономикалык өсүүгө жетишүү Кыргыз Республикасынын өнүгүү түпкү максатынын узак мөөнөттүү артыкчылыгы болуп саналат. Инвестицияларды көбөйтмөйүнчө тармактын түпкү максатын ишке ашыруу өтө кыйын.

Инвестициялык түпкү максатты ишке ашыруу боюнча иш-чаралар өкмөт тарабынан өлкөнүн экономикасынын жана анын тармактарынын, аймактардын өнүгүү тенденциясын жана ресурстардын бар экендигин негиз кылып алуу аркылуу тандалат жана бааланат. Бул маселелерди чечүү түпкү максаттуу программалары жана уюлдаштырып өнүктүрүү долбоорлору аркылуу ишке ашырылат. Каалаганда й өлкөдө түпкү максатты турмушка ашыруу үчүн жетишпестиги дайыма байкалган аябагандай көп каржылык ресурстар талап кылынат. Ошондуктан көп өлкөлөр француз окумуштуусу Ф.Перру тарабынан иштелип чыгылган уюлдук өнүгүү идеясын колдонушат. Бул учурда негизги максат болуп программалык уюлдук тармакты өнүктүрүүгө багытталган каржылык каражаттарды топтоодон мультипликатор натыйжасына жетишүү саналат.

Агро өнөр жай өндүрүшү инвесторлор үчүн аз кызыктуу болуп саналат. Ошондуктан бул тармакты инвестициялоо мамлекеттин түпкү максаты болуусу керек. Агро өнөр жай секторунда мультипликативдүү натыйжаны кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр жайы берет.

Мамлекеттик инвестициялык түпкү максат биринчи кезекте чоң айланууга ээ болгон керектөөчүлүк товарларды өндүрүүгө дем берүүгө багытталган

болуусу зарыл. Маанилүү роль чек арага жакын жайгашкан айылдардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө преференцияларды орнотууга берилет. Бул иш-чаралар калктын кирешесинин өсүүсүнө жана макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн динамикасынын жакшыруусуна өбөлгө түзөт.

Инвестициялык түпкү максат – бул өлкөнүн экономикасынын, анын комплекстеринин, тармактарынын, секторлорунун аракеттенүүсүнүн жалпы шарттарын өзгөртүүгө, социалдык жана экологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө, ошондой эле бүтүндөй өлкөнүн экономикалык өсүүсүн жана экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу максатында аймактарды өнүктүрүүгө жана преференцияларды орнотууга багытталган инвестициялык ресурстарды калыптандыруу жана натыйжалуу пайдалануу боюнча иш-чаралардын жыйындысы.

Биздин көз караште, инвестициялык түпкү максат бардык өлкөлөр үчүн бирдей болбойт, себеби социалдык-экономикалык өнүгүүнүн деңгээли жана саясий абал түрдүү болуп, дайыма өзгөрүп турат. Кыргызстанда ал төмөнкү негизги маселелерди чечүүгө багытталган болуусу керек деп эсептейбиз:

Биринчиси – атаандаштыкка жөндөмдүү болгон керектөөчүлүк товарларды өндүрүүнү көбөйтүү үчүн ата-мекендик экономиканын модернизациясына кол кабыш кылуу. Бул өз ара сунуштарды кеңейтүү жана тиешелүү түрдө кирешелүүлүктү жана калктын иш менен камсыз болуусун жогорулатуу жолу менен мультипликатордук натыйжаны алууга мүмкүндүк берет.

Экинчиси – өлкөнүн экономикалык жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу.

Үчүнчүсү – аймакты жана курчап турган чөйрөнү коргоо, ошондой эле кыртыштын түшүмдүүлүгүн сактоо.

Макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн жакшыруусу жана калктын кирешесинин өсүүсү экономиканы андан ары инвестициялоо үчүн шарттарды түзөт. Өлкөнүн экономикасынын жана чарбалык бирдиктердин туруктуу өнүгүүсү экономиканы инновациялык негизде модернизациялоого мүмкүндүк берет.

**“Инвестициялык жараяндардын учурдагы абалын жана алардын өнүгүүсүн баалоо”** деп аталган экинчи бапта Кыргыз Республикасындагы инвестициялык ишмердүүлүк менен байланыштуу болгон ИДП нын динамикасын талдоо жүргүзүлдү.

Инвестицияларды пайдалануу менен байланыштуу макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн динамикасын жана тенденциясын талдоо инвестициялык түпкү максатты иштеп чыгууга, инвестицияларды салуунун артыкчылыктуу чөйрөлөрүн, аларды ишке ашыруунун механизмдерин жана натыйжалуулугун баалоонун ыкмаларын аныктоого мүмкүндүк берет.

ИДП өлкөнүн экономикалык өсүүсүнүн жана экономикалык өнүгүүсүнүн негизги курамдык бөлүктөрүнүн бири болуп саналат. 2015-жылда Кыргыз Республикасынын ички дүң продукциясы 423,6 млрд. сомду жана анын номиналдык өсүүсү 2000-жылга салыштырмалуу дээрлик 6,5 эсе, ал эми чыныгысы 1,9 эсени түздү. Акыркы беш жылда ИДП нын өсүүсү анын төмөндөөсү менен кезектешип келет. Ошону менен биргеликте ИДП нын

өсүүсү номиналдык да, чыныгы эсептөөдө да байкалууда. ИДПнын өсүүсүнүн жылдык орточо темпи орточо геометриялык салмакталуу боюнча 4,8%ды түздү.

Коомдун жана өкмөттүн өтө маанилүү аракеттери каалаган өлкөнүн экономикасынын флагманы болгон өнөр жайды өнүктүрүүгө жана жаңылаштырууга багытталган. Өнөр жайда мамлекеттик эмес сектордун артыкчылыктуулугу менен көп катмарлуу экономиканы калыптандыруу жараяны аягына чыкты.

2000-2015-жылдардын 2005- жана 2010-жылдардан башкасында айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн жай өсүүсү байкалды. 2015-жылда өндүрүш көлөмү (2015-жылдын бааларында) 1990-жылга салыштырмалуу 126,0% га өскөн. Ушул эле мезгил аралыгында калктын саны 140,0% га чейин өстү.

Айыл чарба өндүрүшү негизинен калктын жана фермерлердин өздүк чарбаларынын “колуна өттү”, бирок алар азырынча жетиштүү каржы ресурстарына жана техникага ээ эмес. Андыктан айыл чарбасынан өнүгүүнүн туруктуу жогору темптерин күтүү кыйын. Орточо геометриялык салмакталган өсүүнүн орточо жылдык темпи акыркы беш жылда 1,029% ды түздү, бул мурунку жылдарга салыштырмалуу бир далай төмөн. Агрардык сектордогу экономикалык өнүгүүнүн жетишилген деңгээли айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн нормалдуу кирешелүүлүгүн камсыздай албайт.

Өлкөнүн реалдуу секторунун экономикасынын андан аркы өнүгүүсү өлкөнүн жана аймактын гана эмес, ишканалардын да деңгээлиндеги инвестициялык түпкү максатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу менен байланышкан. Бул жерде “саясат” жана “түпкү максат” түшүнүктөрүн айырмалоо зарыл. Биз саясат азырынча экономика эмес деп эсептейбиз. Бирок өлкөнүн көйгөйлөрүн андан ары чечүү үчүн саясий кызматтарды ээлешкен жактар, окумуштуулар жана калктын прогрессивдүү бөлүгү жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу менен түрдүү ойлорун жарыялашууда. Натыйжада экономикалык, социалдык, жаратылыштык жана башка көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган саясат калыптанып жатат. Бирок алар ушунчалык көп, аларды толук өлчөмдө ишке ашыруу мүмкүн эмес. Башкаруу жөнүндө сөз болуп жатканда биз башкарылуучу объектти жагымдуу режимде сактоо же жаңы, жогорураак деңгээлге которуу максатында ага максаттуу багытталган таасирди түшүнөбүз.

Өтүп кеткен акыркы беш жылда өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндөгү салыштырмалуу салмакты өндүрүүлөрдү иштетүүчү ишканалар ээлеп, алардын үлүшү 2011-ж. 82,5 % дан 2015-ж. 77,7% га чейин төмөндөгөн. Алардын жарымы металлургиялык өндүрүшкө жана даяр металлдык жасалгалардын өндүрүшүнө туура келет. Анын аз эмес үлүшү (14-16%) азык-түлүк жана кайра иштетүүчү өнөр жайга туура келет (1-табл.).

1 таблица - Экономикалык ишмердүүлүгүнүн түрлөрү боюнча өнөр жай ишканаларынын негизги өнүгүү параметрлеринин (өндүрүш, саны) түзүмү (% менен)

| | Жылдар | | | | | 2015-ж. 2011-ж. карата өзгөрүүлөр (+,-) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | |
| **Өндүрүш көлөмү, баары** | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | |
| Анын ичинде:<br>1. Тоо кен өндүрүшү | 2,2 | 4,4 | 3,0 | 3,3 | 4,4 | 2,2 |
| 2. Иштетүү өнөр жайы | 82,5 | 77,3 | 83,2 | 82,0 | 77,7 | -4,8 |
| Анын ичинен<br>2.1. Тамак-аш азыктарын өндүрүү | 14,0 | 19,9 | 15,8 | 17,7 | 16,4 | 2,4 |
| 3. Өндүрүштөрдүн башка тармактары | 15,3 | 18,3 | 13,8 | 14,8 | 18,0 | 2,7 |
| **Ишканалардын саны, баары** | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | |
| Анын ичинде:<br>1. Тоо кен өндүрүшү | 7,4 | 8,0 | 8,4 | 9,2 | 10,0 | 2,6 |
| 2. Иштетүү өнөр жайы | 74,3 | 73,9 | 72,9 | 70,1 | 71,1 | -3,2 |
| Анын ичинен<br>2.1. Тамак-аш азыктарын өндүрүү | 26,5 | 25,4 | 25,0 | 23,7 | 24,2 | -2,3 |
| 3. Өндүрүштөрдүн башка тармактары | 18,3 | 18,1 | 18,7 | 20,7 | 18,9 | 0,6 |
| **Персоналдын саны, баары** | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | |
| Анын ичинде:<br>1. Тоо кен өндүрүшү | 4,1 | 5,2 | 5,7 | 6,5 | 7,5 | 3,4 |
| 2. Иштетүү өнөр жайы | 80,0 | 77,6 | 76,0 | 70,7 | 70,4 | -9,5 |
| Анын ичинен<br>2.1. Тамак-аш азыктарын өндүрүү | 16,4 | 17,7 | 19,0 | 22,3 | 22,5 | 6,1 |
| 3. Өндүрүштөрдүн башка тармактары | 16,0 | 17,2 | 18,3 | 22,8 | 22,0 | 6,0 |

Булагы: автор тарабынан КР УСКнын 2016-ж. маалыматтарынын негизинде түзүлдү.

Өнөр жайдагы жумушчулардын жалпы саны 2011-ж.га салыштырмалуу 2015-ж. 20,1%га төмөндөгөн, бул, негизинен, иштетүүчү өнөр жайдагы жумушчулардын санынын кыскарышы менен (9,6%) байланыштуу.

Бүгүнкү күндөгү өнөр жай - өлкөнүн экономикасындагы түзүмдүк туруктуу болбогон, стабилдүү иштебеген тармак. Ошондуктан, өлкөнү керектөөчүлүк жана азык-түлүк товарлары менен камсыздоочу өнөр жайдын кайра иштетүүчү, тамак-аш, ошондой эле жеңил өнөр жайлары сыяктуу алдыңкы тармактарды инвестициялоо зарылдыгы келип чыгат.

Бүтүндөй өлкөнүн экономикасынын өсүүсү ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен каржылануучу инвестициялардын үлүшүнүн көбөйүүсүнө, ал эми бюджеттин чектелгендиги – республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен аткарылуучу бюджеттик инвестициялардын азаюусуна алып келди. Коммерциялык банктардын насыялоосунун катаал шарттары бизнесмендерге долбоорлорду инвестициялоо үчүн насыялык ресурстарды тартууга мүмкүнчүлүк бербей жатат. 2011-жылдагы инвестициялардын жалпы көлөмүндө түз инвестициялардын үлүшү

7,1% ды түзгөн болсо, 2015-жылда 19,9% ды түзүп, 12,8 пайыздык пунктка өзгөрдү.

Негизги капиталга ички булактардын эсебинен салынган инвестициялардын үлүшү 2015-жылы 2011-жылга салыштырмалуу 4,7 пайыздык пунктка төмөндөдү. Ошол эле учурда инвестициялардын түзүмү да маанилүү өзгөрдү, мында сырткы булактардын эсебинен салынган салымдардын үлүшү 2011-жылдагы 28,8% дан 2015-жылы 33,5% га көбөйүүсү, ал эми ушул эле жылдар аралыгындагы чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен ишке ашырылган долбоорлорго болгон инвестициялар азаюу тенденциясы байкалды (2-табл.).

2 таблица - 2010-2015-жылдар аралыгында каржылык эмес активдерге болгон инвестициялардын булактары

| | Жылдар | | | | | 2015-ж. 2011-ж.карата өзгөрүүлөр (+,-) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | |
| Инвестициялардын баары, млн. сом. | 57487,9 | 81134,3 | 101174,6 | 122130,6 | 165279,7 | 107792 |
| Анын ичинде<br>1. Ички инвестициялар, % | 71,2 | 64,9 | 64,0 | 63,9 | 66,5 | -4,7 |
| Алардын ичинен<br>1.1.Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер, % | 12,0 | 5,8 | 5,2 | 5,0 | 5,9 | -6,1 |
| 1.2.Ишканалардын жана уюмдардын каражаттары, % | 37,8 | 39,5 | 39,4 | 38,1 | 41,5 | 3,8 |
| 1.3. Банктардын насыялары, % | 0,6 | 1,1 | 0,8 | 0,9 | 0,8 | 0,2 |
| 1.4.Калктын каражаттары жана КР резиденттеринин кайрымдуулук жардамы | 20,9 | 18,5 | 18,5 | 19,9 | 18,2 | -2,7 |
| 2. Сырткы инвестициялар, % | 28,8 | 35,1 | 36,0 | 36,1 | 33,5 | 4,7 |
| Анын ичинен:<br>2.1. Чет өлкө насыялары, % | 15,7 | 23,8 | 16,7 | 25,1 | 11,0 | -4,7 |
| 2.2. Чет өлкөлүк түз инвестициялар, % | 7,1 | 6,8 | 16,3 | 8,1 | 19,9 | 12,8 |
| 2.3. Чет өлкөлүк гранттар жана гуманитардык жардамдар | 5,9 | 4,4 | 3,1 | 2,9 | 2,6 | -3,3 |

Булагы: автор тарабынан КР УСКнын 2016-ж. маалыматтарынын негизинде түзүлдү.

Инвестициялардын тармактык тутуму артыкчылыктуу тармактардын экономикалык натыйжалуулугун жогорулатууга жана экономикада түзүмдүк өзгөртүүлөрдү аткарууга багытталган. Инвестициялардын тармактык түзүмүн окуп-үйрөнүү Кыргызстанда негизги капиталга болгон инвестициялардын негизги бөлүгү (64,4%) төмөнкү төрт тармакка бөлүштүрүлгөндүгүн көрсөттү: тоо-кен өндүрүшү (18,6%), электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү (13,3%), транспорт жана байланыш (17,0 %), иштетүү өнөр жайы (15,3%). Мында кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр жайында өнөр жай продукцияларынын 18,4% ы өндүрүлгөнүнө карабастан бул тармакка болгон инвестициялар жалпы инвестициялык сумманын 2,5% дык ченемин гана түзөт.

Ага карабастан, айыл чарбасына болгон инвестициялардын экономиканын реалдуу секторунун жалпы көлөмүндөгү деңгээлинин катышы өтө төмөн экендигин маалыматтар көрсөтүп турат. Инвестициялардын эң төмөн деңгээлине кесиптик, илимий жана техникалык ишмердүүлүк ээ. Мындай абал өкмөттүн түпкү максатынын чындык мен коошпогондугун күбөлөйт. Инвестициялардын түзүмүн окуп үйрөнүү өкмөткө келечекте мамлекеттик бюджеттик жана тартылган каражаттардын жардамында бүтүндөй өлкөнүн кызыкчылыгын эсепке алуу менен тигил же бул тармакты жана аймакты өнүктүрүүнү пландаштырууга мүмкүндүк берет.

Дүйнөдөгү эч бир өлкө ИДПны өстүрүү көйгөйүн инвестициялык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун жогорулатмайын чече албайт. Ал экономиканы ички жана сырткы рыноктордо атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияны өндүрүү үчүн техниканын жаңы түрүн жана жаңы технологияларды киргизүүнүн эсебинен өнүктүрүү менен туюнтулат. Инвестициянын өсүүсү жана инновациялык потенциалдын өсүүсү түздөн-түз өз ара байланышта.

Өлкөнүн экономикасынын өнүккөндүгүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп ИДП саналат. Анын сандык эсеби өсүүнүн абсолюттук чоңдугун жана темпин туюнтат. Бул көрсөткүчтөрдүн экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээлинин сапаттуу туюнтулуусу болуп калктын ар бир адамына туура келген ИДП кызмат кылат.

Биз калктын ар бир адамына туура келген инвестициялардын жана ИДПнын акыркы 10 жылдагы динамикасын окуп изилдедик (3-табл.). Биринчиси фактордук көрсөткүч, экинчиси натыйжалык көрсөткүч катары алынды. Бирок алардын байланышын толук деп эсептөөгө болбойт, андыктан стохастикалык талдоонун ыкмасы болгон корреляциялык талдоо ыкмасы колдонулду. Фактордук көрсөткүчтөрдүн маалыматтары эсептөөдө рангдарга бөлүштүрүлгөн. Корреляциялык талдоо үчүн баштапкы факторлук жана натыйжалык маалыматтар төмөнкүдөй белгиленди: $x$ – инвестициялар, $y$ – калктын ар бир адамына туура келген ИДП.

3 таблица - Кыргыз Республикасында акыркы 10 жылдагы ИДПнын инвестициялардан көз карандылыгы

| Жылдар | Калктын ар бир адамына, миң сом (чыныгы) | | Жылдар | Калктын ар бир адамына, миң сом (рангдарга бөлүштүрүлгөн) | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Инвестициялар | ИДП | | Инвестициялар | ИДП |
| 2006 | 9,1 | 21,9 | 1 | 6,8 | 27,0 |
| 2007 | 6,8 | 27,0 | 2 | 8,8 | 35,5 |
| 2008 | 8,8 | 35,5 | 3 | 9,1 | 21,9 |
| 2009 | 10,6 | 37,6 | 4 | 9,5 | 40,7 |
| 2010 | 9,5 | 40,7 | 5 | 10,5 | 52,2 |
| 2011 | 10,5 | 52,2 | 6 | 10,6 | 37,6 |
| 2012 | 14,6 | 55,9 | 7 | 14,6 | 55,9 |
| 2013 | 17,9 | 62,7 | 8 | 17,9 | 62,7 |
| 2014 | 21,1 | 69,4 | 9 | 21,1 | 69,4 |
| 2015 | 22,5 | 71,9 | 10 | 22,5 | 71.9 |

Булагы: автор тарабынан КР УСКнын 2016-ж. маалыматтарынын негизинде түзүлдү

Таблицадагы маалыматтар инвестициялардын жана ИДП нын тыгыз байланышын көрсөтүп турушат. Өткөн 10 жыл аралыгында инвестициялардын өсүүсү ИДП нын өсүүсү менен коштолуп турган, б.а. 2009- жана 2011-жылдарды кошпогондо бул байланыш түз сызыктуу мүнөзгө ээ.

Андыктан ИДП нын (*y*) калктын ар бир адамына болгон инвестициялардын (*x*) деңгээлинен көз каранды түрдө өзгөрүүсүнүн түз сызыктуу көз карандылыгы төмөнкү формула боюнча эсептелди:

$$\mathbf{Y_x} = \boldsymbol{a} + \boldsymbol{bx}. \qquad (1)$$

***x***- *инвестициялар*

**Y**-*калктын ар бир адамына ИДП*

***a***-*жыйынтыктуу көрсөткүчтүн туруктуу чоңдугу*

***b***-*регрессиянын коэффициенти, бир бирдикке карата фактордун өзгөрүшүндөгү орто кайтарым өзгөрүүсүн көрсөтөт.*

Жүргүзүлгөн эсептөөлөрдүн негизинде биз ***a*** нын 9,150 кө барабар болгон маанисин алдык. Бул коэффициент (***a***) аталган фактордун өзгөрүүсү менен байланышпаган натыйжалуу көрсөткүчтүн туруктуу чоңдугу болуп саналат. Изденилип жаткан (***b)*** нын мааниси фактордук көрсөткүчтүн өзгөрүүсү менен натыйжалуу көрсөткүчтүн орточо өзгорүүсүн билүүгө мүмкүндүк берет. Биз жүргүзгөн эсепте ***b*** нын мааниси 2,920 ге барабар болду. Бул инвестициялар 1 млн. сомго өскөндө ИДП 2,920 млн. сомго өсөөрүн билдирет. Эсептен кийин теңдеме төмөнкүдөй көрүнүшкө келет:

$$\mathbf{Y_x = 9{,}150 + 2{,}920}\ x \qquad (2)$$

Мында *(x)* фактордук көрсөткүч, б.а. калктын ар бир адамына болгон инвестициянын деңгээлин билдирет.

10 жыл ичиндеги маалыматтар боюнча 0,925 ге барабар болгон корреляция коэффициенти эсептелди. Бизге коэффициент 0 дөн 1 ге чейинки маанилерди алуусу мүмкүн экендиги белгилүү. Эгерде изилденип жаткан көрсөткүчтөрдүн арасында байланыш болбогондо, анда коэффициент нөлгө жакын маанини алмак. Албетте, макроэкономикалык көрсөткүчтөр дүйнөлүк масштабда да, улуттук масштабда да саясий, социалдык, экономикалык, жаратылыштык, экологиялык жагдайлардан көз каранды. Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын акыркы 10 жылдагы маалыматтары инвестициялардын көлөмү менен ИДП нын арасында тыгыз байланыш бар экендигин көрсөттү.

Детерминация коэффициенти биздин эсепте 0,855 ди ($0{,}925^2$) түздү. Бул калктын ар бир адамына болгон ИДП 85,5% тиешелүү инвестициялардан көз каранды экендигин көрсөттү.

Инвестициялык жигердүүлүктүн төмөндөөсү көп даражада бюджеттин ресурстук чектөөлөрүнө байланыштуу мамлекеттик каржылоонун көлөмүнүн кескин төмөндөөсүнөн келип чыкты. Мындай шарттарда мамлекеттик инвестициялоо бүтүндөй республиканын жана анын айрым аймактарын жана

тармактарын экономикалык өнүктүрүүнү колдоочу олуттуу жагдайлардын бири болуп калууда. Жекече түз инвестицияларды пайдалануу же чектелген, же алардын коммерциялык эмес спецификасынын айынан мүмкүн эмес болгон бир катар экономикалык чөйрөлөр бар. Мындай тармактарды колдоо жана өнүктүрүү, өнүгүү үчүн ишенимдүү жана заманбап экономикалык инфраструктураны жана жагымдуу чөйрөнү түзүү боюнча мамлекеттин милдети Мамлекеттик инвестициялар программаларынын (МИП) жардамында чечилет.

Мамлекеттик инвестициялар мамлекеттик чыгашалардын жалпы программасынын негизги элементи болуп саналат. Республикада инвестициялык ишмердүүлүк активдешти. 2015-жылдагы инвестициялардын көлөмү 2011-жылга салыштырмалуу 2,2 эсеге көбойдү. Эгерде аны каржылоо булактары бонча карай турган болсок, анда инвестициялардын көлөмүнүн өсүүсү насыялык ресурстардын эсебинен болгонун байкайбыз (2-сүрөт). Талдоого алынган мезгил ичинде чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардамдар менен каржыланган инвестициялар 6,5% га төмөндөдү, насыялар менен каржылангандары 2,9 эсеге өстү, бюджет тарабынан биргелешип каржылангандары 24,4%га төмөндөдү. 2011-жылдагы инвестициялардын түзүмүндө гранттар 26,7%ды түзгөн болсо, 2015-жылда 11,1% ды түздү. Бүтүндөй алганда Республикалык бюджетке салыштырмалуу инвестициялардын деңгээлинин өсүүсү байкалуууда.




2-сүрөт. МИП булагы, млн. сом.

Булагы:сүрөт автор тарабынан КРнын УСКнын 2016-ж. маалыматтары боюнча түзүлдү

Өнүктүрүү долбоорлорун биргелешип каржылоого 2015-жылы 377,3 млн.сом тартылган. Каржылоо тажрыйбасы көрсөткөндөй, өзгөчө натыйжалуу, анык бир долбоорлорго багытталган болуп, республикалык бюджет аркылуу 2008-жылдан бери ишке ашырылып жаткан дем берүүчү (үлүштүк)

гранттардын механизми саналат. Алар долбоорлорду биргелешип каржылоого багытталган жана жергиликтүү бюджеттердин жана эл аралык уюмдардын ресурстарына кошумча катары берилген. Бул механизмдин өзгөчөлүгү болуп объекттерди реабилитациялоодо артыкчылыктарды тандоо укугу жана ресурстарды тартууга дем берүү саналат.

Экономиканын агрардык сектору өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун жана калктын иш менен камсыз болуусун камсыз кылган негизги сектор болгон жана болуп калууда. Ал ошол эле учурда көп профильдүү болуп саналат. Агрардык сектордун МИП нын каражаттарынын маанилүү бөлүгү жерлердин ирригациясына жана мелиорациясына багытталат. Бизде жер иштетүү сугат жерлерине гана негизделген, ал эми көптөгөн жер тилкелери мелиоративдүү жакшыртууну талап кылат. Акыркы жылдарда гранттык каражаттардын көлөмүнүн азаюусу жана насыялык каражаттардын көбөйүүсү байкалууда. Биздин оюбузча, грант каражаттарынын көлөмүнүн төмөндөөсү донор өлкөлөрдөгү каржылык апааттын кесепеттери менен байланышкан.

Өнөр жай өндүрүшү өлкөнүн ички дүң продукциясын түзүүнүн негизги булактарынын бири болуп саналат. Өнөр жайында ички керектөө жана экспорт үчүн товардык продукциялардын маанилүү бөлүгү өндүрүлөт. Өнөр жай продукциясынын көлөмүнүн өскөндүгүнө карабастан ИДП дагы өнөр жайынын ИКНдин үлүшү төмөндөө тенденциясына ээ. 2015-жылда бул көрсөткүч 15,3% болду, ал эми 2011-жылда ал 22,5% га тең эле.

Өнөр жайынын иштетүү тармагына болгон инвестициялардын көлөмү 2015-жылда 2000-жылга салыштырмалуу 4 эсеге өстү. Ушул эле мезгил аралыгында кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр жайына болгон инвестициялар 3 эсеге төмөндөдү, бул жалпы өсүүдөн артта калып жаткандыкты көрсөтөт. Мунун натыйжасында 2015-жылда продукцияны өндүрүүнүн көлөмү кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр жайында, айрыкча тамеки буюмдарын өндүрүү жана пайхтаны кайра иштетүүдө төмөндөдү (4-табл).

4 таблица - Тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайынын көлөмүнүн динамикасы (млн.сом)

| | 2011-ж | 2012-ж | 2013-ж | 2014-ж | 2015-ж |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнүн жана тамак-аш продукттарын өндүрүүнүн көлөмү, баары | 19856,5 | 21792,0 | 22889,0 | 23195,8 | 21953,1 |
| 2. Пахта буласын даярдоо | 821,3 | 687,1 | 556,1 | 559,5 | 443,9 |
| 3. Тамак-аш продукттарын (суусундуктар кошо) жана тамеки буюмдарын өндүрүүнүн көлөмү | 19035,2 | 21104,9 | 22332,9 | 22636,2 | 21509,2 |
| 3.1. Тамак-аш продукттарын өндүрүү | 13115,3 | 14456,9 | 15633,0 | 16059,2 | 15226,7 |
| 3.2. Суусундуктарды өндүрүү | 5221,2 | 6124,7 | 6240,4 | 6265,9 | 6211,8 |
| 3.3. Тамеки буюмдарын өндүрүү | 698,7 | 523,3 | 459,5 | 311,1 | 70,7 |

Булагы: автор тарабынан КРнын УСКнын 2016-ж. маалыматтары боюнча түзүлдү

Кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр жайында тамак-аш продукттарын өндүрүүнүн үлүшүнө 97,7%, анын ичинде суусундуктарга – 28,3%, пахта

буласына 2,0% ы туура келет.

Келечекте калкты тамак-аш продукттары менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу жана республиканын экспорттук потенциалын кеңейтүү үчүн кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр жайын өнүктүрүү чоң мааниге ээ. Республиканын кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр жайынын 2015-жылдагы түзүмү көрсөткөндөй, эң чоң салыштырмалуу салмакка алкоголсуз суусундуктарды чыгаруу ишканалары ээ (18,1%), андан кийин сүт азыктарын чыгаруу ишканалары (17,6%), ун жана акталган дан чыгаруу ишканалары (13,7%), нан жана сактоо мөөнөтү кыска болгон кондитердик шириндиктерди чыгаруу (12,5%), эт продукттарые чыгаруу (8,6%) ишканалары, дистирленген алкоголдук ичимдиктерди чыгаруу, спиртти тазалоо жана купаждоо (7,3%) ишканалары ээ. Бул тармактар жалпы көлөмдүн 78% ын ээлешет.

Азыраак өнүккөн өнөр жай ишканалары – макарон буюмдарын чыгаруучу – 3,8%, чай (3,4%), кант (3,2%), кондитердик шириндиктер (2,9%), пиво кайнатуу тармагы (2,8%), кайра иштетилген жана консерваланган мөмө-жемиштер (2,6%), пахта булаларын даярдоо (2,1%), вино (0,8%), өсүмдүк, мал майы (0,4%) жана тамеки тармагы (0,3%). Андыктан, республикабыздын өзүндө ийгиликтүү чыгарууга мүмкүн болгон мындай продукттар менен биздин рынокту чет өлкөлүк өндүрүүчүлөр толтуруп жатышат.

2015-жылда өндүрүлгөн сүттүн 13,4% ы, эттин 5,6% га жакыны, мөмө-жемиштердин жана жашылчалардын болжолдуу 3,4% ы кайра иштетилди, бул кайра иштетүүнүн көлөмүн көбөйтүү зарылдыгын айгинелейт. Тез бузулуучу бул продукттарды кайра иштетүү алардын сакталуу мөөнөтүнүн узактыгын жана аларды алыс аралыктарга жеткирүүнү камсыз кылат. Сырьёну ордунда кайра иштетүү боюнча жаңы кичи жана орто ишканаларды түзүү, кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр жайынын аракеттеги ишканаларын жаңылаштыруу көп профилдүү айыл чарбасын жана айыл аймактарын өнүктүрүү үчүн түрткү болот.

Кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр жайынын негизги көйгөйү болуп сапаттуу, экспортко багытталган продукцияны чыгаруу үчүн жабдууларды жаңылаштырууга инвестициялардын жетишсиздиги саналат. Мындан сырткары, аракеттеги ишканалар сырьёну даярдоо үчүн өздүк каржылык ресурстарга ээ эмес, ал эми насыялар жогору пайыздык чендердин айынан пайдасыз.

Өкмөттүн кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр жайынын тармактарын өнүктүрүү боюнча кечиктирилгис милдети болуп эл аралык стандарттарга туура келүүчү айыл чарбасынын мал жана өсүмдүк продукцияларынын сапатын аныктоо боюнча атайын лабораториялардын, ошондой эле логистика борборлорунун курулушун инвестициялоо саналат. Бул, биринчиден айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн жана сатуунун көлөмүн көбөйтүүгө, экинчиден экспортко мүмкүнчүлүк берет.

**“Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүнүн инвестициялык түпкү максатын өркүндөтүүнүн негизги багыттары”** деп аталган үчүнчү бапта келечектеги инвестициялык түпкү максатты иштеп чыгуу боюнча иш-чаралар жана инвестициялардын ички булактарынын өсүү

резервдери келтирилди.

Өндүрүштүн төмөндөөсү, социалдык-экономикалык абалдын начарлашы, каржылык ресурстардын жетишсиздиги өлкөнүн инвестициялык саясатын аныкташты. Ошондуктан ал каалаган тармакка, чөйрөгө инвестицияларды тартууга багытталып, мамлекеттин саясаты менен байланышкан. Рынок шарттарында өкмөттүн негизги милдети болуп калкка берилүүчү мамлекеттик жана коомдук кызматтарды көрсөтүү жана жакшыртуу, социалдык натыйжа алуу саналат. Экономикалык ишмердүүлүктөн пайда табуу жана киреше алуу ишканалардын, фирмалардын жана компаниялардын артыкчылыктуу укугу болуп саналат. Ушуга байланыштуу өлкөнүн масштабындагы жана фирманын масштабындагы инвестициялык саясат мазмуну боюнча окшош, бирок миссиясы боюнча түп-тамарынан айырмаланат. Фирманын саясаты – экономикалык па йда табуу жана киреше алуу максатында инвестицияларды тартуу. Түпкү максат саясат аркылуу аныкталган милдеттердин аткарылуусун камсыз кылат. Түпкү максат экономика менен байланышкан жана инвестициялардын сапаты жана өлчөмүнөн, инвестициялоо мөөнөтүнөн, ошондой эле фирманын натыйжа алуу мүмкүнчүлүгүнөн көз каранды. Фирманын түпкү максаты максатты жана ага жетүүнүн жолдорун аныктайт. Компаниялардагы инвестициялардын натыйжалуулугу өлкөнүн экономика-сынын өнүгүүсүндө маанилүү роль ойно йт.

Мисал катары “Алтын тамыр” жабык акционердик коому өндүрүштүк компаниясынын келечекке болгон түпкү максаттуу орнотмолорун карайлы. ЖАК республикада ветеринардык биодарыларды өндүрүү боюнча монополист болуу менен КМШ нын масштабында аталган тармактагы атаандаш фирмалардын бири болуп калууда. Ошондуктан узак мөөнөттүү келечекте маанилүү атаандаштык артыкчылыктарга ээ болуу анын түпкү максаттуу менеджментинин негизги максаттарынын бири болуп саналат. Окшош өндүрүштөрдүн, б.а. атаандаштардын бар болуусу ЖАК тан уюмдун туруктуулугун жана жашоого жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну талап кылат, муну менен ал өндүрүштүк-каржылык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугунун бардык негизги көрсөткүчтөрүн жакшыртат.

Биз “Алтын тамыр” ЖАК 2017-жылда өндүрүштү жаңылаштыруу үчүн инвестициянын сырткы булактарын пайдалануу миссиясын сунуштадык. Инвестициялык долбоорго ылайык жаңы жабдууларды жана технологияларды ишке киргизүүнү 2018-2019-жылда аягына чыгаруу белгиленген. Инвестициялар жаңы жогору өндүрүмдүү жана сарамжал жабдууларды сатып алууга багытталган. Ветеринардык дарылардын сапатын жогорулатуу алардын КМШ рынокторундагы жогорку атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылат, экспорттун жана сырткы экономикалык байланыштардын кеңейүүсүнө өбөлгө түзөт.

Өнүккөн өлкөлөрдө жешилүү саясаты негизги капиталды жаңылоого, түзүмдүк кайра куруута багытталган. Пландык экономикада жешилүү чегерүүлөрдүн калыптануусуна жана максаттуу пайдалануусуна катуу көзөмөл кылышкан. Бул эрежелер уюмдун ээлери жетекчи (башкаруучу) болгон уюмдарда азыр да сакталат. Ээлери башкаруучу болбогон, жалданган

башкаруучу башкарган уюмдарда башкаруучулук жүрүм-турумдун модели, башкаруучулук аң-сезимдүүлүк модели жана агенттик модель иштейт. Бардык моделдерде ээлери (акционерлер) жана башкаруучулар ар кимиси өздүк пайдасын максималдаштырууга аракеттенишет, демек буга байланыштуу алардын кызыкчылыктары дал келишпейт. Башкаруучулар жана мүдүрлөр кеңешинин мүчөлөрү өздөрүнүн пайдасын көбөйтүүнү көздөп, фирманын ээлеринин пайдасын азайтууга жол коюу менен башкаруу аппаратын кармоого акча каражаттарын көбүрөөк жумшашат жана башкаруучулук артыкчылыктарды көбүрөөк алышат.

Жабык акционердик коомдордо акционерлер бир эле убакта башкаруучу да болушат жана компанияны башкаруунун күнүмдүк жараянына байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Өндүрүштүн чыгымдары жана негизги каражаттардын кайра өндүрүү булактары ЖАК да рационалдуу пайдаланылат.

Тилекке каршы, уставдык капиталында мамлекеттин үлүшү басымдуулук кылган ачык акционердик коомдордо ыйгарым укукка ээ болгон мамлекеттик орган тарабынан жешилүү фондунун чогулуусу жана максаттуу пайдалануусуна жеткиликтүү түрдө катуу көзөмөл жүргүзүлбөйт. Жешилүү чегерүүлөрү чыгым катары кызматтардын (жумуштардын) тарифине кирет жана анын карамагына пайда катары келип түшөт. Акционердик коом коммерциялык жеке уюм катары бул пайданы өз алдынча иштетет. Акциялардын көзөмөл пакети мамлекетке тиешелүү болгон ААКтарда анын ишмердүүлүгүн башкарууга уруксат берүүгө мажбур болушат. Ыйгарым укуктуу орган ички инвестициялардын булактарынын бири катары болгон жешилүү фондунун туура калыптануусун көзөмөлгө алуусу жана камсыз кылуусу керек.

Республикада негизги каражаттардын моралдык жана физикалык жешилүү деңгээли өтө жогору, ал эми өндүрүшкө жаңы технологияларды жана илимдин жетишкендиктерин киргизүү, тескерисинче, өтө төмөн. Жыйынтыгында, ички жана тышкы рыноктордо экономиканын өсүшү жана ата мекендик товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөйт. Ошондуктан, жүзөгө ашырылышы инвестицияны көбөйтүүсүз мүмкүн болбогон экономиканы модернизациялоо зарылдыгы пайда болду. Бул милдеттин чечилиши мамлекеттин түпкү максаттык багыттарына тиешелүү.

Экономиканы инвестициялоо экономикалык өсүшкө жана бүтүндөй өлкөнүн жана ишканалардын өзүнчө экономикалык өнүгүүсүнө түрткү берет. Инвестициялык ресурстарды топтоонун эсебинен технологиялык инновацияларды киргизүү жана экономиканын «уюлдук» чекиттеринде колдонуу туруктуу социалдык-экономикалык өсүшкө жана өлкөнүн өнүгүүсүнө алып келет. Экономикалык өсүш жана экономикалык өнүгүү чен-белгилеринин мааниси дал келбейт. «Экономикалык өнүгүү» чен-белгиси өлкөнүн экономикасынын өнүгүүсүнүн сапаттык тарабын мүнөздөйт жана жан башына бөлүнгөн орто ИДПнын чоңдугу менен аныкталат.

Экономикалык өсүш ИДПнын өсүү жана өсүш арымдарын туюндурат жана пайыздарга эсептелинген өзгөрүүлөрдүн динамикасы менен туюндурулат.

2030-жылга карата ИДПны божомолдоо үчүн биз тараптан инвестициянын жана калктын жан башына ИДПнын байланышынын жуптук регрессиясынын тик бурчтуу таризинин маалыматтары колдонулган:

$$\mathbf{Y_x=9{,}15+2{,}92}\boldsymbol{x}.$$

Бизге белгилүү болгондой, $\boldsymbol{x}$ - инвестициянын калктын жан башына болжолдолунуучу чоңдугу, $\mathbf{Y_x}$ - калктын жан башына ИДПнын изделүүчү чоңдугу.

Алынган корреляциялык-регресиялык моделди колдонуу менен, эксраполяция методу аркылуу $\boldsymbol{x}$- маанисинин ордуна калктын жан башына инвестициянын керектүү суммасын коюу менен 2030-жылга карата ИДПнын келтирилген наркын божомолдойбуз (5-табл.).

5 таблица - 2030-ж. чейин инвестицияларды жана ИДПны калктын жан башына инвестициянын 15% га (25,9 миң сом) өсүшүндөгү божомолу

| | Инвестициялар, млн. сом | ИДП, бардыгы, млн. сом |
|---|---|---|
| 2015 ж., факт | 132627,6 | 423635,5 |
| божомол:<br>2020 ж. | 164819,8 | 539005,4 |
| 2025 ж. | 176684,6 | 577806,5 |
| 2026 ж. | 179159,5 | 585899,8 |
| 2027 ж. | 181667,7 | 594102,4 |
| 2028 ж. | 184211,0 | 602419,9 |
| 2029 ж. | 186790,0 | 610853,7 |
| 2030 ж. | 189404,1 | 619402,6 |

Булагы: автор тарабынан түзүлдү.

Кыргызстанда агрардык сектордун орду жана ролу маанилүү экендиги талашсыз. Айыл чарбасын андан ары өнүктүрүү аябай көп инвестицияларды талап кылат, бирок мындай инвестициялар мамлекетте да, айылдык товар өндүрүүчүлөрдө да жетишсиз. Бул көйгөйдү чечүү үчүн айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларды жана тамак-аш өнөр жайы ишканаларын алардын мультипликаторлору катары айыл чарбасынын өсүүсүн эсептөө менен инвестициялоону сунуштайбыз. Кайра иштетилген айыл чарба продукциясынын үлүшүн көбөйтүү анын сатылышын жакшыртат, айыл чарба кирешелүүлүгүнүн жана экспорттук потенциалдын өсүүсүн камсыз кылат.

Инвестициялоо объекттери өтө кеңири, булактары белгилүү, бирок өлчөмдөрү чектүү. Ошондуктан биз инвестицияларды булактары боюнча жана мамлекет тарабынан тескелүү даражасы боюнча топтоштурдук. 2014-жылдын маалыматтары боюнча инвестициялардын жалпы суммасынын 1/3 бөлүгү мамлекет тарабынан тескелүүчү инвестициялар. Ушуга байланыштуу өкмөт инвестицияларды “уюлдук” тармактарга пайдалануу укугуна ээ. Инвестицияларды тескөөдө төмөнкү секторлорго преференцияларды берүүнү сунуштайбыз (3-сүрөт).




3-сүрөт. Экономиканын секторлору боюнча инвестициялардын багытын тескөө модели

Булагы: автордук иштеп чыгуу.

Республиканын туруктуу өнүгүүсүнө өтүү айыл аймактарын туруктуу өнүктүрүүдө деп болжолдойбуз. Айыл калкынын жашоо деңгээлин жана жашоо сапатын жогорулатуу айыл аймактарынын экономикалык, социалдык, экологиялык маселелерин чечүү менен тыгыз байланышта. Буга байланыштуу, айыл аймактарынын туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо үчүн биринчи кезекте айыл чарбасынын сырьелук ресурстарын колдонууга түзмө-түз катышы бар тармактарды - кайра иштетүү жана азык-түлүк өнөр жайын, ошондой эле агрардык сектордун тейлөө инфраструктурасын өнүктүрүү зарыл. Айыл жергесиндеги бул чөйрөлөрдү өнүктүрүү айыл товар өндүрүүчүлөрүнүн кирешелүүлүгүнүн өсүү мултипликатору болот.

Келечекте инвестицияларды көбөйтмөйүнчө жана так аныкталган түпкү максаттарды иштеп чыкмайынча экономикалык жана технологиялык мейкиндикте инновациялардын жана маалыматтык технологиялардын өнүгүүсү мүмкүн эмес.

Мамлекеттик инвестициялык түпкү максатты өнүктүрүү боюнча сунушталган негизги багыттар ички жана сырткы инвестициялык ресурстардын өсүүсүнө алып келет. Бул ИДП нын мындан аркы өсүүсүнө, жаңы жумуш орундарынын пайда болуусуна, жумушсуздуктун кыскаруусуна, КР нын калкынын жашоо деңгээлинин жогорулоосуна алып келмекчи.

## ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Изилдөөдө өлкөнүн өнүгүүсүнүн учурдагы этабында инвестициялык жараянды тескөө инвестициялык түпкү максатты иштеп чыгуунун эсебинен экономиканын келечектүү өсүүсүнүн базалык негизи болуп саналаары аныкталды. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларына тачнуу менен төмөнкүдөй тыянактарды чыгарып, сунуштарды берүүгө болот:

1. Экономикалык өсүүнү жана экономикалык өнүгүүнү, экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну камсыз кылуу инвестициялардын деңгээли, аларды рационалдуу пайдалануу жана республиканын инвестициялык түпкү максатынын базасында инвестициялык жараяндарды жакшыртуу менен түздөн-түз байланышта.

2. Илимий адабияттарда “инвестиция” түшүнүгү жетишээрлик кеңири берилген жана көптөгөн аныктамалары бар. Аларды жалпылоонун негизинде төмөнкү аныктама куралды: “Инвестициялар – бул каражаттарды (адам каражатын кошо) уюмдар, тармактар, чөйрөлөр жана бүтүндөй өлкөнүн экономикасы үчүн пайдалуу болгон жаңы экономикалык, социалдык, экологиялык жана илимий натыйжаларды алуу максатында капиталга салуу”.

3. Жүргүзүлгөн изилдөө Кыргыз Республикасына болгон инвестициялардын көлөмү экономиканы түзүмдүк жана техникалык кайра куруу үчүн зарыл болгон керектөөлөргө туура келбейт. Экономиканы жаңылаштыруу максатында инвестицияларды тартуу үчүн төмөнкүлөр сунушталат:

- ата-мекендик илимий-техникалык потенциалды өздөштүрүү, илим сыйымдуу өндүрүштү өнүктүрүү жана инновациялык иштелмелерди кеңейтүү;
- экспорттук потенциалдын өсүүсүн камсыз кылуу жана Бажы биримдигинин өлкөлөрүнүн рынокторуна ата-мекендик продукцияларды жылдыруу;
- керектөөчүлүк маанидеги ата-мекендик продукцияларды өндүрүүнү көбөйтүү жана алар менен ички рынокту тоюндуруу;
- артыкча жумушчу күчүнө ээ болушкан аймактарга инвестициялардын жана капиталдардын агымына кол кабыш кылуу. Бул агым алардын тездеп өнүгүүсүн, жумушсуздуктун кыскаруусун, жаңы жумуш орундарынын түзүлүүсүн жана өндурүштү жана башкарууну уюштуруунун инновациялык формаларын өздөштүрүүнү камсыз кылат;
- көп профилдүү айыл чарбасынын өндүрүштүк жана социалдык инфраструктурасын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү.

4. Айыл чарбасы менен түздөн-түз байланышта болгон кайра иштетүү, тамак-аш жана сервистик тармактарды өнүктүрүү көп функциялуу айыл чарбасынын туруктуу өнүгүүсүнө жана айыл аймактарын өнүктүрүүнүн күнүмдүк көйгөйлөрүн чечүүгө өбөлгө түзөт. Мунун негизинде айыл аймактарын индустриялоону жана көп профилдүү айыл чарбасын жаңылаштырууну ишке ашыруучу борбордук звено, бүтүндөй экономиканы өнүктүрүүнүн жагдайы катары болгон инвестициялык жараяндарды мамлекеттик тескөө сунушталды.

5. Артыкчылыктуу тармактарда инвестициялык жараяндарды районалдуу пайдалануу үчүн инвестициялык түпкү максатка ээ болуу максатка ылайык. Анын түзүлүүсү төмөнкүлөргө мүмкүнчүлүк берет:

- жаңы технологияларды жана техниканы өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу чөйрөлөрүн аныктоого;
- мамлекеттик жана мамлекеттик эмес каржылык булактарды жана капиталдарды биргелешип пайдалануу үчүн натыйжалуу механизмдерди иштеп чыгуу;
- кайтарымдуулук мөөнөтүнүн узактыгынан жана жогору тобокелдүүлүгүнүн айынан жекече инвесторлорго пайдасыз болгон көп функционалдуу айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча инвестициялык долбоорлорго мамлекеттин катышуусун камсыздоо.

6.Инвестициялык түпкү максаттын аракеттенүүсү экономиканы инновациялык өнүктүрүүгө жана жаңылаштырууга багытталган инвестициялык агымдардын көбөйүүсүнө өбөлгө түзөт. Азыркы учурда инвестициялар көп тараптан айлануу чөйрөсүнө жана кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга жумшалууда, аларды керектөөчүлүк товарларды өндүргөн тармактарга жана өндүрүштөрдүн (чарбалардын) материалдык-техникалык базасын чыңдоого багыттоо керек.

7.Түпкү максат аспектинде инвесторлордун негизги максаты болуп чыныгы башкарууну ишке ашыруу үчүн компаниянын акцияларынын көзөмөлдөөчү пакетин сатып алуу же уставдык капиталында чоң үлүшкө ээ болуу саналат. Ушуга байланыштуу өкмөткө акциялардын көзөмөлдөөчү пакети мамлекеттин колунда болгон ААКтардагы жешилүү чегерүүлөрүнүн жыйналуусун жана максатка ылайык иштетилүүсүн көзөмөлгө алууну сунуштайбыз.

8. Жеке ишканаларда узак мөөнөттүү келечекте инвестициялоонун негизги маселеси болуп, Бишкек шаарындагы “Алтын тамыр” ЖАКтын мисалында көрүнгөндөй капиталдын баасын, б.а. экономикалык потенциалды көбөйтүү саналат.

9.Калктын жан башына инвестициянын жана ИДПнын корреляциялык байланышынын алынган маалыматтары боюнча калктын жан башына 15% га (25,9 миң сом) өсүшүндө экстраполяциянын усулу менен 2030-ж. чейин ИДПнын божомолу эсептелинген.

Жаңылаштыруу этабында инвестициялык ишмердүүлүктү өркүндөтүүнүн сунушталган негизги багыттары чарбалык практикада колдонулуусу мүмкүн.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА БАСМАДАН ЧЫККАН ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. Эсенгелдиева, Д.М. Инновационная деятельность хозяйствующих субъектов КР [Текст]: материалы международной научно-практической конференции «Экономика современного общества: актуальные вопросы антикризисного развития», посвященной 80-летию КНУ им. Ж. Баласагына /

Д.М. Эсенгелдиева // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. Специальный выпуск. – Бишкек, 2012. – С.414-417.

2. Эсенгелдиева, Д.М. Управление инновационной деятельностью хозяйствующих субъектов [Текст] / Д.М. Эсенгелдиева // Статистика, учет и аудит. Алматинская академия экономики и статистики. – Алматы, РК, 2013. – 2(49). – С.138-142.

3. Эсенгелдиева, Д.М. Состояние и развитие инновационной деятельности Кыргызской Республики [Текст] / Д.М. Эсенгелдиева // Экономический вестник. – Бишкек, 2014. – №1. – С.12-15.

4. Жумабаев, Ж.Ж., Эсенгелдиева, Д.М. Интеграция в повышении инвестиционного климата [Текст]: материалы международной научно-практической конференции «Кыргызстан на пути Евразийской экономической интеграции», посвященной 10-летию Научно-исследовательского института инновационной экономики КЭУ им. М. Рыскулбекова. / Ж.Ж. Жумабаев, Д.М. Эсенгелдиева // Вестник КЭУ им. М. Рыскулбекова, – Бишкек, 2014. – №3(30). – С.174-176.

5. Эсенгелдиева, Д.М. Об инвестиционной стратегии коммерческих предприятий Кыргызстана в условиях рынка [Текст] / Д.М. Эсенгелдиева // Экономика и статистика. – Бишкек, 2014. – №1.– С.12-17.

6. Эсенгелдиева, Д.М. Проблемы и пути совершенствования внебюджетных фондов Кыргызской Республики (в разрезе социального страхования) [Текст]: материалы международной научно-практической конференции «Великий Шелковый путь и евразийское экономическое пространство / Д.М. Эсенгелдиева // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. – Бишкек, 2015.– С.292-296.

7. Эсенгелдиева, Д.М. Проблемы экономического управления предприятием и ее теоретическая роль в микроэкономике [Текст] / Д.М. Эсенгелдиева // Известия вузов. – Бишкек, 2015. – №3. – С.101-103.

8. Эсенгелдиева, Д.М. Методологические проблемы инноваций экономики Кыргызстана в условиях рынка [Текст] / Д.М. Эсенгелдиева // «Научная дискуссия: вопросы экономики и управления». Интернаука. – Москва, РФ, 2016. – №1(45), часть 2 . – С.71-77.

9. Жумабаев, Ж.Ж., Эсенгелдиева, Д.М. Повышение инвестиционного потенциала Кыргызстана [Текст] / Ж.Ж. Жумабаев, Д.М. Эсенгелдиева // «Научная дискуссия: инновации в современном мире». Интернаука. – Москва, РФ, 2016. –№2(45), часть 1. – С.88-94.

10. Жумабаев, Ж.Ж., Эсенгелдиева, Д.М. Расчет планирования эффективности инновационно-инвестиционного проекта [Текст] / Ж.Ж. Жумабаев, Д.М. Эсенгелдиева // Современные научные исследования и инновации. – Москва, РФ, 2016. – №2. – С. 467-476.

**Эсенгелдиева Дарыйка Манасбековнанын 08.00.05 – Экономика жана эл чарбасын башкаруу(экономика, ишканаларды, тармактарды, топтомдорду уюштуруу жана башкаруу) адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изилдеп жазган «Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүүсүндөгү инвестициялык түпкү максатты калыптандыруу жана ишке ашыруу» темасындагы диссертациялык ишинин**


## РЕЗЮМЕСИ

**Өзөк сөздөр:** инвестициялар, инвестициялык түпкү максат, инвестициялык ишмердүүлүк, инвестициялык менеджмент, инвестициялык майнаптуулук, мамлекеттик тескөө, көп функционалдуу айыл чарбасы.

**Изилдөөнүн объектиси:** инвестициялык ишмердүүлүк менен байланышкан жараяндардын жыйындысы.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргыз Республикасындагы инвестициялык иш аракет.

**Изилдөөнүн максаты**: инвестициядан мултипликативдүү натыйжага жетишүүгө багытталган инвестициялык түпкү максатты түптөөгө болгон илимий-теориялык жана практикалык ыктоолорду иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн ыкмалары**: илимий-теориялык таануу, талдоонун статистикалык, салыштыруу жолдору, системалык жана фактордук талдоо, логикалык моделдештирүү жана серепчилик баалоо, корреляциялык талдоо.

**Алынган жыйынтыктар:** “Инвестиция” түшүнүгүнүн илимий-теориялык негиздери изилденип, жалпыланды жана ага автордук тактоолор киргизилди.; калктын ар бир адамына болгон инвестициялардын жана ИДП нын акыркы 10 жылдагы өсүү динамикасы аныкталды, алардын келечектеги божомолу иштелип чыгылды; жаңы принциптерде чектелген инвестициялык ресурстарды пайдаланууга мүмкүнчүлүк берүүчү инвестициялык түпкү максатты иштеп чыгуу концепциясы негизделди. Тоо-кен тармагы үчүн инвестициялардын бюджеттик натыйжалуулугунун куралы катары болгон “жашыл” салыкты орнотуу, акциялардын көзөмөлдөөчү пакети мамлекеттин колунда болгон ААК дордогу жешилүү чегерүүлөрүнүн чогулуусунун жана максатка ылайык пайдаланылуусунун тууралыгына мамлекеттик көзөмөлдү орнотуунун эсебинен инвестициялардын ички резервдерин издеп табуу сунушталды.

**Пайдалануу даражасы**: изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги тарабынан экономиканын агроөнөржай секторунда узак мөөнөтөгү инвестициялык түпкү максатты иштеп чыгууда пайдаланылат.

**Колдонуу тармагы**: негизги сунуштар, тыянактар эана эсептөөлөр көп функционалдуу айыл чарбасы жана айылдык аймактар менен байланышкан өнөр жайдын жана сервистик кызматтардын өнүгүүсүнүн жана алардын экономикалык жана социалдык натыйжалуулугунун жогорулоосу үчүн илимий база боло алат.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Эсенгелдиевой Дарыйки Манасбековны на тему: «Формирование и реализация инвестиционной стратегии Кыргызской Республики в развитии экономики» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством(экономика, организация и управление предприятиями, отраслями, комплексами)**

**Ключевые слова:** инвестиции, инвестиционная стратегия, инвестиционная деятельность, инвестиционный менеджмент, инвестиционная эффективность, государственное регулирование, многофункциональное сельское хозяйство.

**Объект исследования:** совокупность процессов, связанных с формированием инвестиционной стратегии.

**Предмет исследования:** инвестиционная деятельность Кыргызской Республики.

**Цель исследования:** разработка научно-теоретических и практических подходов к формированию инвестиционных стратегий, направленных на достижение мультипликативного эффекта от инвестиций.

**Методы исследования:** метод научно-теоретического познания**,** статистический, сравнительный способ анализа, системный и факторный анализ, логическое моделирование, экспертная оценка и корреляционный анализ.

**Полученные результаты**: Исследованы и обобщены научно-теоретические основы понятия «инвестиции» и дано авторское уточнение; определена динамика роста инвестиций и ВВП на душу населения за последние 10 лет, разработан их прогноз на перспективу; обоснована концепция разработки инвестиционной стратегии, позволяющая на новых принципах использовать ограниченные инвестиционные ресурсы. Рекомендовано установить «зеленый» налог для горнодобывающей отрасли, как инструмент бюджетной эффективности инвестиций; изыскать внутренние резервы инвестиций за счет установления государственного контроля правильности накопления и использования по назначению амортизационных отчислений в ОАО, где контрольный пакет акций сосредоточен в руках государства.

**Степень использования:** результаты исследования будут использованы Министерством сельского хозяйства, пищевой промышленности и мелиорации Кыргызской Республики при разработке долгосрочной инвестиционной стратегии в агропромышленном секторе экономики.

**Область применения:** основные рекомендации, выводы и расчеты могут служить научной базой развития промышленности и сервисных служб, связанных с многофункциональным сельским хозяйством и сельскими территориями, а также повышением экономической и социальной эффективности в них.

## SUMMARY

**dissertation Esengeldieva Daryika Manasbekovna on the theme: "Development and implementation of the investment strategy of the Kyrgyz Republic in the development of the economy" for the degree of candidate of economic sciences on specialty 08.00.05 - economics and management of national economy(economics, organization and management of enterprises, industries, complexes)**

**Key words**: investments, investment strategy, investment activities, investment management, investment efficiency, state regulation, multifunctional agriculture.

**Object of research**: a set of processes associated with the formation of investment strategy.

**Subject of research**: investment activity of the Kyrgyz Republic.

**The purpose of dissertation is:** to develop scientific-theoretical and practical approaches to the development of investment strategies to achieve a multiplier effect on investment.

**Methods of research:** method of scientific and theoretical knowledge, statistical, comparative analysis method, system and factor analysis, logic modeling, expert evaluation and correlation analysis.

**Received results**: studied and summarized the scientific and theoretical basis of the concept of "investment" and given her copyright refinement; The dynamics of growth of per capita GDP and investment over the past 10 years and developed their outlook for the future; It justified the concept of investment strategy development, which allows to use the new principles of limited investment resources. It is recommended to establish a "green" tax the mining industry, as an instrument of budgetary efficiency of investments; to find internal reserves investment, by establishing state control of the correctness of storage and use for depreciation purposes, JSC, where the majority stake is concentrated in the hands of the state.

**The degree of use**: results of the study will be implemented by the Ministry of Agriculture, Food and Land Reclamation of the Kyrgyz Republic in the development of long-term investment strategy in the agricultural sector of the economy.

**Area of application**: the main recommendations, conclusions and calculations can serve as the scientific basis of industrial development and support services related to the multifunctionality of agriculture and rural areas, as well as increased economic and social efficiency in them.

Форматы 60х84. 1/16
Офсет кагазы., нускасы 100 даана. Көлөмү 1,75 б.т.
«Аракет принт» басмаканасында басылды.